**«Сүйүү ушундай экенда»**

Сөзү: Исабаева Жыпар

Обону: Тойчуев Таалайбек Маматкулович

Сагынбайын десем да,

Санаа кулук экен да,

Жетеленип ойлорго мен,

Жерди айланып кетем да.

Сүрдөбөйүн десем да,

Сүйүү кыйын экен да,

Сулуулугун канча жанды,

Суктантаарын сезем да.

Кайырма:

Эх, жаным

Эх, жаным

Унута албайм эч жаным

Жүрөгүмдүн тең жарымын

Сенде экенин сез жаным

Таартынайын десем да,

Такыр түтпөй кетем да,

Тагдыр деген ушундай бир,

Тамашакөй экен да.

Сагынтайын десем да,

Санаа кыйын экен да,

Саат өтпөй канат жайып,

Сага учуп жетемда